**УДК.336.6**

**Буканова Анара Ишеновна, Кадырбек кызы Наргиля**

*Кыргыз улуттук агрардык университети*

# ИШКАНАДАГЫ ФИНАНСЫЛЫК ОТЧЕТТУУЛУКТУН МААНИСИ ЖАНА АБАЛЫ

**Аннотация:** *Бул макалада ишкананын экономикалык көрсөткүчтөрүн талдоо жүргүзүүдө финансылык отчеттуулуктун ролу жана мааниси каралат.Финансылык отчеттуулук чындыгында пайдалуу болуу үчүн, жетекчилерге ишкананы башкарууга сапаттуу болуп, иштин чыныгы абалы чагылдырылат.Берилген экономикалык көрсөткүчтөр ишкананын абалын аныктайт.*

**Өзөктүү сөздөр:** *Финансылык отчеттор, баланс, түшкөн пайда жана зыян жөнүнөгү отчету, акча каражаттарынын кыймылы жөнүнөгү отчету*

**Буканова Анара Ишеновна, Кадырбек кызы Наргиля**

*Кыргызский национальный аграрный университет*

# ЗНАЧЕНИЕ И СОСТОЯНИЕ ФИНАНСОВОЙ ОТЧЕТНОСТИ В ПРЕДПРИЯТИЯХ

**Аннотация:** *В этой статье рассматривается роль и значение финансовой отчетности при анализе экономических показателей предприятия. Чтобы финансовая отчетность была действительно полезной, она дает руководителям представление о реальном состоянии дел, обеспечивая качественное управление предприятием. Данные экономические показатели определяют состояние предприятия.*

**Ключевые слова:** *Финансовые отчеты, баланс, отчет о прибылях и убытках, отчет о движении денежных средств*

**Bukanova Anara Ishenovna, Kadyrkul kyzy Nargilya**

*Kyrgyz national agrarian university*

# THE VALUE AND STATUS OF FINANCIAL STATEMENTS IN ENTERPRISES

**Abstract:** *This article discusses the role and importance of financial statements in the analysis of economic indicators of the enterprise. In order for financial reporting to be really useful, it gives managers an idea of the real state of affairs, ensuring high-quality management of the enterprise. These economic indicators determine the state of the enterprise.*

**Keywords***: Inancial statements, balance sheet, income statement, cash flow statement*

**Киришүү.** Финансылык отчеттуулук башкаруу чечимдерин кабыл алуунун негизи болуп саналат. Жетекчи уюмду кайсы багытта өнүктүрүү керектигин жана учурдагы стратегияны кантип өзгөртүү керектигин түшүнүшү үчүн, анын ишинин натыйжалары жана каржылык абалы жөнүндө актуалдуу жана ишенимдүү маалыматка ээ болушу керек.

**Материалдар жана изилдөө ыкмасы**. Изилдөө ыкмасы динамикада көрсөткүчтөрдү баалоо жана алардын өзгөрүшүнүн негизги тенденцияларын аныктоо үчүн кызмат кылган горизонталдык анализ болду. Мындай анализдин жардамы менен

тигил же бул иш-чара ишканага ретроспективада жана перспективада кандай таасир этери жөнүндө тыянак чыгарууга болот.

Финансылык отчеттуулуктун көрсөткүчтөрү ишкананын учурундагы абалын гана эмес, анын канчалык жакшыргандыгын жэ тескеринче, өткөн очеттук мезгилге салыштаырмалуу начарлап кеткенин аныктоого мүмкүндүк берет

Бухгалтердик (финансылык) отчеттуулукту туура түзүү үчүн колдонуудагы мыйзамдардын бардык талаптарын эске алган керектүү маалыматтар болушу керек.

Финансылык отчеттуулук отчеттуулуктун формаларынан турат:[3]

- Бухгалтердик баланс;
- Тушкөн пайда жана зыян жөнундөгү отчету;
- Акча каражаттарынын кыймылы жөнүндөгү отчету;
- Капиталдын түзүмундөгү өзгөрүүлөр жөнүндөгу отчету:
- Түшүндурмө кат.

Финансылык отчетту түзүүдө ишкананын жетекчилиги ишкананын ишин улантуу мүмкүнчүлүгүн баалашы керек.

Финансылык отчетту, эгерде берилген маалыматты туура түшүнүүдө келтирилгени так көрсөтүлүшү керек: ишкананын аталышы; отчеттук күнү; колдонулган валютасы; колдонулган өлчөө бирдиги ж. б. [2]

Берилген иштин изилдөө объектиси “КТСС” айыл -чарбалык ишканасы.“ КТСС” айыл- чарба ишканасы- бул чарбалык субъект айыл чарбалык товарды өндүрүүчүлөрдүн демилгеси менен өз ыктыярдуулуктун негизинде мүчө болуу менен биргелешкен, өндүрүштүк жана ошондой эле чарбалык ишмердүүлүктү жүргүзүүдө негизинен каражаттарды, пайлык мүчө акыларды бириктирүү менен, материалдык жана кооперативдин мүчөлөрүнүн муктаждыктарын камсыз кылуу максаты менен иш алып барышат.

“КТСС” айыл -чарба ишканасы катары КРнын мыйзам ченеминде юридикалык жак, жана өз ишмердүүлүгүн КРда колдонулган Мыйзамдардын баардык талаптарына шайкеш келүү менен, КРнын Жарандык кодексинин, КР нын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” мыйзамынын, КРнын Жер Кодексинин жана башка ченемдик актылардын жана Уставдын негизинде алып барат:[1].

Юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Чүй обулусу, Сокулук району, Первомайское айылы, Спортивная көчөсү 61.

“КТСС” айыл чарба ишканасынын өзүнүн ишмердүүлүгүндө эсеп- кысап иштерин чарбалык субъект бекиткен эсеп саясатынын негизинде алып барат.

Чарбалык субъект мамлекеттик каттоодо анын уставдык капиталы жөнүндө уюштуруучулук иш кагаздарда белгиленген. “ КТСС” айыл- чарба ишканасынын ишмердүүлүгүнүн предмети болуп:

- асылдандыруу, үрөнчүлүк жана айыл чарба өсүмдүктөрүнүн үрөнүн сатуу;
- асыл тукум малдарды өстүрүү, кайра иштетүү жана сатуу;
- ар кандай кызматтарды көрсөтүүдө материалдык ресурстар, техника жана ага тетиктер менен жабдуу жана камсыздоо;
- айыл чарба машиналары менен механизмдерди берүү менен айыл чарбалык жумуштарды уюштуруу;
- айыл чарба продукцияларын сактоо, ташуу жана кайра иштетүү;
- соода кылуу жана дүң сатып алуу жана ортомчулук ишмердүүлүгү;
- кампа чарбасын уюштуруу;
- калктын бош убактысын уюштуруу кызматы;
- өз алдынча тышкы- экономикалык ишмердүүлүктү ишке ашыруу;

- КР мыйзамына каршы келбеген ишмердүүлүктүн башка түрлөрү.

"КТСС" вйыл- чарба ишканасы азыркы учурда миң гектардан ашык жери бар.

"КТСС " ишканасы үрөн өстүргөн чарба: дан өсүмдүктөрүнүн үрөнү, люцерна жана жашылча өсүмдүктөрүнүн үрөнү.

Станциянын төмөндөгүдөй объектилери бар: дан кырманы, курулуш цехи, механикалык мастерскаясы, унаа сактаган жайы, кампалары, ашкана жана нан бышырган цехи. Агротехникалык иш чараларды аткарууда керектүү техникалары бар: комбайндар (дан өсүмдүктөрү жана кант кызылчасы үчүн), тракторлор, унаалар жана жерди өздөштүүрүүгө керектүү техникалар.

МИ "КТСС"сын экономикалык көрсөткүчтөрүн талдоодо (1- таблица) 2020- жылы түшкөн каражат 10978,3 мин сомду калтырган, ал эми 2021-жылы 8819 миң сомду түзгөн, б. а. 2159,3 миң сомго азайган. Сатылган продукциянын өздүк наркы да 665,8 миң сомго азайган.

*1-таблица 2020-2021 жылдагы МИ " КТСС" нын экономикалык көрсөткүчтөрү*

| Көрсөткүчтөрү | 2020 жыл | 2021 жыл | Өзгөрүүсү (+;-) | Өсүү темпи,% |
|---|---|---|---|---|
| Киреше | 10978,3 | 8819 | -2159,3 | 80,33 |
| Сатылган продукциялардын чыгашалары | 7349,1 | 6683,3 | -665,8 | 90,94 |
| Дүң пайда | 3629,2 | 2125,7 | -1503,5 | 58,57 |
| Операциялык ишмердүүлүктөн түшкөн башка кирешелер | 24,7 | 30,6 | 5,9 | 123,88 |
| Сатуу боюнча чыгашалар | 64,5 | 60,3 | -4,2 | 93,48 |
| Жалпы административдик чыгашалар | 3413 | 2018,4 | -1394,6 | 59,13 |
| анын ичинен: амортизация | 137,2 | 137,2 | 0 | 100 |
| Операциялык ишмердиктин жыйынтыгы | 176,4 | 87,6 | -88,7 | 49,65 |
| Көнүмүш ишмердүүлүктүн пайдасы (зыяны) | 176,4 | 87,6 | -88,7 | 49,65 |
| Салыктарды төлөөгө чейинки пайда (зыян) | 176,4 | 87,6 | -88,7 | 49,65 |
| Отчеттуулук мезгилинин таза пайдасы (зыяны) | 176,4 | 87,6 | -88,7 | 49,65 |

**Изилдөө натыйжалары.** Өткөн мезгил үчүн дүң киреше 3629,2 миң сомду түздү, отчеттук мезгил үчүн 2125,7 миң сом, б.а. 1503,5 миң сомго азайган. 2020- жылы операциялык иштен түшкөн башка кирешелер 24,7 миң сомду түздү, ал эми 2021- жылы 30,6 миң сомду түздү башкача айтканда 5,9 миң сомго көбөйдү. 2020- жылы сатылган продукциялар боюнча чыгымдар 64,5 миң сомду түзгөн, ал эми 2021- жылы 60,3 миң сомду түздү, б.а. 4,2 миң сомго азайды. Жалпы административдик чыгымдар 2020 –

жылы 3412 миң сомду түзгөн, ал эми 2021- жылы 2018,4 миң сомду түзгөн, б.а. – 1394,6 миң сомго азайган.

Операциялык иштин жыйынтыгы 2020- жылы 176,4 миң сомду түзгөн, ал эми 2021 – жылы 87,6 миң сомго, башкача айтканда 88,7 миң сомго азайган. 2020- жылы кадимки иш аракеттерден түшкөн пайда 176,4 миң сомду түздү, ал эми 2021- жылы 87,6 миң сомго азайды.

**Жыйынтык**. Ошондой эле салыктарды эсептеп чыгаруу чейинки пайда, отчеттук мезгилдеги таза пайда 88,7 миң сомго азайган. Экономикалык көрсүткүчтөрдү талдоодо ишкананын салыштырмалуу өзгөрүүсү жана өсүү темпи менен финансылык жыйынтыгын тактай алдык.

Ошентип ишканалардагы финансылык отчеттуулуктун мааниси ишкананын жетекчилигине туура башкаруу чечимдерин кабыл алууга мүмкүндүк берет.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Сборник нормативных документов в области бухгалтерского учета и аудита (2000-2005 гг.): В 2-х т. / Отв. Ред. К.Р. Садыков. Гос. ком. при Правительстве Кыргызской Республики по стандартам финансовой отчетности и аудиту. – Бишкек 2005.
2. Международный стандарт финансовой отчетности. - Бишкек,2002.
3. Финансовый учет-1: Учебное пособие для профессиональных бухгалтеров и аудиторов, студентов и преподавателей учебных заведений. -2017.


**Сведения об авторах:**


1. **Буканова Анара Ишеновна** - КНАУ им. К. И. Скрябина, и. о. доцента**;** Телефон: (моб) 0551 41 24 32. Адрес: г. Бишкек, ул. Абая 2/3 E-mail: anara.bukanova@mail.ru
2. **Кадыркул кызы Наргиля -** КНАУ им. К. И. Скрябина, магистрант. Телефон (моб.) 0709 01 07 77. Адрес: Сокулукский район, с.Первомайское, ул. Спортивная 61. E.mail: nargilya.mamadalieva@gmail.com